**Жобо ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинде каралып, бекитүүгө сунушталган. Протокол № 4 , “ 8” февраль 2016-жыл.**

**«БЕКИТЕМИН»**
**ЖАМУнун ректору, профессор,**
**________ А.Б.Абдрашев**
**“ 09” ________ 2016-ж.**

**Жалал-Абад мамлекеттик университетинде билим берүүнүн сапатына мониторинг жүргүзүү жөнүндөгү жобо**

**1.Жалпы жоболор**

1.1. Жалал-Абад мамлекеттик университетинде студенттердин билим сапатына мониторинг жүргүзүү жөнүндөгү жобо (мындан ары - Жобо) Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндөгү” мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларында окуган студенттердин билимине мониторинг жүргүзүү жөнүндөгү жобосунун жана ЖАМУнун уставынын негизинде иштелип чыгып, билим берүүнүн сапатына мониторинг жүргүзүүнүн негизги мазмунун жана тартибин аныктайт. Билим сапатына мониторинг жүргүзүү - бул ЖАМУдагы билим берүү ишмердүүлүгүн баалоо процедурасын жүргүзүүдө билим сапаты жөнүндөгү маалыматтарды топтоо, жалпы анализ берүү болуп эсептелет. Мониторингдин негизги обьекти болуп студент, окутуучу жана билим берүү процессинин өзү эсептелет.
1.2. Мониторинг ЖАМУнун 1-2 курстары үчүн гуманитардык, социалдык экономикалык, математикалык жана табигый циклдагы предметтерден, ал эми 3-4 курстар үчүн профессионалдык циклдагы предметтерден жүргүзүлөт.

**2.Мониторингдин максаты, милдеттери жана функциялары**

**1.1.** Мониторинг жүргүзүүнүн негизги максаты - студенттердин окуу процессинде алган билимдеринин сапатына, компетенцияларына жалпы анализ жасоо жана кыска мөөнөттөгү прогноздоо иштерин жүргүзүү.
**1.2.** Билим берүүнүн сапатына жүргүзүлүүчү мониторингдин милдеттери төмөнкүлөрдөн турат:

- негизги билим берүү программасына ылайык окуу процессинин натыйжасында калыптанган калдык билимдердин (остаточное знание) реалдуу картинасын түзүү жана сапаттык жана абсолюттук жетишүүсүнө талдоо жасоо;
- ЖАМУдагы билим берүүнүн сапатына үзгүлтүксүз көзөмөлдөө жана маалыматтарды алуу:
- билим берүүнүн сапатынын динамикасына таасир этүүчү факторлорго салыштырмалуу талдоо жасоо жана сунуштарды берүү;
- мониторинг жүргүзүнүн натыйжасында алынган маалыматтарга ылайык билим берүү сапатын жогорулатуу боюнча башкаруу чечимдерин иштеп чыгуу.

**2.3.** Билим сапатына мониторинг жүргүзүүнүн функциялары:

- университет боюнча жүргүзүлгөн мониторингдин көрсөткүчтөрү боюнча материалдарды топтоо;
- билим сапатынын динамикасына таасир этүүчү факторлорду аныктоо жана салыштырма анализдерди жүргүзүү;
- мониторингдин негизинде алынган маалыматтарды кызматтык милдеттерине ылайык маалымдоо.

## 3.Мониторингди даярдоо жана өткөрүү тартиби

**3.1.** Мониторинге даярдануу жана өткөрүү ЖАМУнун жетекчилиги тарабынан алдын ала белгиленген предметтер боюнча оозеки же жазуу түрүндө, бекитилген графикке ылайык жүргүзүлөт. Тиешелүү кафедралар мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык мониторинг өткөрүү үчүн 3 варианттан кем болбогон (ар бири 30 суроону камтыган) тесттик тапшырмаларды, жазуу жүзүндөгү же текшерүү иштерин даярдайт жана алардын варианттарын аныктайт. Тапшырмалар студент бир сааттын ичинде аткарып бүтүүсүн эске алуу менен иштелип чыгуусу зарыл.

**3.2.** Студенттердин билимине мониторинг жүргүзүү үчүн даярдалган тапшырмалардын топтому кафедранын жыйынында талкууланып, билим берүүнүн сапаты бөлүмүнө тапшырылат.

**3.3.** ЖАМУнун окуу иштери боюнча проректору мониторинг өткөрүү боюнча бардык иш аракеттерди координациялайт, окуу жана билим берүүнүн сапаты бөлүмүнүн кызматкерлери мониторингди уюштуруп өткөрүүгө түздөн түз катышат.

**3.4.** Мониторинг жүргүзүүнүн натыйжасында баалоо критерийлери ЖАМУда кабыл алынган жобого ылайык жүргүзүлүп, “эң жакшы”, “жакшы”, “канаттандыраарлык”, “канаттандырарлык эмес” деп бааланат.

**3.5.** Мониторингке белгилүү себептер менен катышпай калган студент “келген жок” деп белгиленет жана жыйынтыгында “канаттандыраарлык эмес” деген категорияга киргизилип, орточо жыйынтык баа чыгарылат.

**3.6.** Мониторинг өткөрүүнүн натыйжасында статистикалык отчет түзүлөт жана отчетто студенттердин билим деңгээлинин жана компетенцияларынын калыптануусунун сапаттык анализи берилет.

Долбоорду даярдагандар:

1. Усенов К.Ж.
2. Токоева Г.С.
3. Айтикеев Н.
4. Шарапов С

ЖАМУнун юристи С.Ш.Сыдыков